БОРБОРДУК
АЗИЯ УНИВЕРСИТЕТИ

# БАУ жөнүндө кыскача маалымат



КЫРГЫЗСТАН ◆ КАЗАКСТАН ◆ ТАЖИКСТАН

Борбордук Азия Университети – бул тоолуу аймактардагы коомчулуктун жашоосунун сапатын жакшыртуу миссиясын аркалаган эл аралык уставдын негизинде иштеген, толугу менен бардык ыңгайлуу жашоо-шарттары бар жана регионалдык дүйнөдөгү саналуу университеттердин бири. Аталган университет 2000-жылы Кыргызстан, Тажикстан жана Казакстандын Президенттери, ошондой эле Улуу даражалуу Ага Хан тарабынан кол коюлган Эл аралык Келишимдин негизинде светтик, коммерциялык жана менчик университет катары түзүлгөн. Аталган Келишим жогорудагы өлкөлөрдүн парламенттери тарабынан ратификацияланган жана Бириккен Улуттар уюмунда каттоодон өткөн. Негиздөөчү өлкөлөрдүн Президенттери Университеттин Колдоочулары, ал эми Улуу даражалуу Ага Хан - Канцлери болуп эсептелет.

БАУнун миссиясы – Борбордук Азияга, өзгөчө анын тоолуу аймактардагы коомчулуктарды социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүүгө көмөктөшүү болуп эсептелет. Университет эл аралык деңгээлде таанылган стандарттын негизиндеги жогорку билимди сунуштап, аймактардагы элдердин бай маданий мурастарын келечек үчүн баалуу дөөлөттөр катары сактоого мүмкүндүк берет.








Нарын (Кыргызстан) жана Хорог (Тажикстан) кампустары, ошондой эле долбоорлонуп жаткан Текели (Казакстан) кампусу тарыхый Жибек Жолунун боюнда бийик тоолордун койнунда элет жергесинен орун алган чакан шаарларда жайланышып, аймактагы өкүм сүрүп жаткан экономикалык, социалдык жана интеллектуалдык кайра жаңылануулардын тогошкон чордонунда жайланышкан.

Ага Хан Өнүктүрүү Уюмунун жана өнөктөштөрдүн, ошондой эле БАУнун үч Мектебинин кеңири жайылган талыкпаган күч-аракеттери менен бизнес, мамлекеттик жана жарандык коом тармактарында аймактык лидерлердин баштарын бириктирүү боюнча Университет кайталангыс мүмкүнчүлүктөргө ээ.

Фотосүрөттө: БАУнун Хорог кампусу, Тажикстан



Фотосүрөттө: БАУнун Нарын кампусу, Кыргызстан

## Гуманитардык жана Так илимдер Мектеби

Гуманитардык жана Так илимдер Мектеби «Компьютер илимдери», «Коммуникация жана ММК», «Дүйнөлүк экономика», «Жер жана айлана-чөйрө илимдери» адистиктери боюнча Кыргызстандагы Нарында жана Тажикстандагы Хорогдо жашоого ыңгайлуу шарттары бар университеттик шаарчаларда бакалавриат программаларын сунуштайт. Келечекте «Инженердик-техникалык илимдер», «Бизнес жана башкаруу» тармактарындагы адистиктердин ачылышы күтүлүүдө. БАУнун студенттери окуудагы академиялык жетишкендиктерди жана ар тараптуу ийгиликтерди даңазалап келе жатат. Алар академиялык олимпиадалардын жеңүүчүлөрү, калктын аярлуу катмарындагы адамдардын каарман коргоочулары, таланттуу сүрөтчүлөр жана музыка ышкыбоздору, байгелүү орундарга ээ болгон спортчулар жана ынтызар ыктыярчылар.

БАУнун бүтүрүүчүлөрү эл аралык деңгээлде таанылган университеттерге, атап айтканда Браун, Дьюк, Мичиган, Торонто, Саймон Фрейзер окуу жайларына жана Сингапур Улуттук Университетине толук стипендия менен окууга өтүшкөн.

**ГТИМ студенттери**

80%ы негиздөөчү өлкөлөрдөн

70%ы элет жергесинен

## Жогорку Өнүктүрүү Мектеби

**Жогорку Өнүктүрүү Мектеби** – бул дисциплина аралык изилдөөлөрдү жүргүзүүнүн борбору катары кызмат кылып келет. Беш ар тараптуу, бирок бири-бирин толуктап турган илимий-изилдөө институттары катары Борбордук Азия өлкөлөрүнүн экономикасында тематикалык тажрыйба топтошту. **Тоолуу аймактардагы коомчулуктарды изилдөө институту** тоолуу аймактардын жашоо-тиричиликке туруктуулугун жогорулатуу максатында климат жана атмосферанын өзгөрүшү, азык-түлүк жана суу коопсуздугу маселелерин чечүүдө экология жана мейкиндик илимдери тармагындагы кеңири тажрыйбаларды колдонот. **Мамлекеттик башкаруу жана саясат институту** – бул мамлекеттик каржы, соода-сатык, айыл чарба жана эмгек базары тармактарындагы прикладдык экономикалык изилдөөлөрдү жүргүзө турган илимий-изилдөө борбору.

**Гуманитардык илимдер жана маданий мурастар бөлүмү** Борбордук Азиянын бай каада-салттарын жана маданий мурастарын келечек муунга баалуу дөөлөттөр катары жеткириш үчүн сактоо жана илгерилетүү максатында БАУнун миссиясын ишке ашырат. **Жарандык коом демилгеси** төмөндөгү түйүндүү тематикалардагы окуу тармактарын колдоого багытталган: адилет башкаруу, саламаттыкты сактоо жана курчап турган чөйрө. **«Адам таануу» Ага Хан долбоору** университеттерде жана аймактардагы мектептерде сабак өтүлүп жаткан гуманитардык илимдер боюнча интеграцияланган окуу программаларынын негизиндеги критикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүүнү колдойт. 2025-жылы экономикалык өнүктүрүү жана технологиялык инновациялар тармагында жаңы дисциплина аралык магистердик программанын ишке ашырыла башташы күтүлүп жатат.



## Профессионалдык жана үзгүлтүксүз билим берүү Мектеби

Профессионалдык жана үзгүлтүксүз билим берүү Мектеби (ПҮББМ) киреше арттыруу жана иш менен камсыз кылуу мүмкүнчүктөрүн кеңейтүүгө арналган кыска мөөнөттөгү курстардын алдыңкы камсыздоочусу болуп эсептелет. Бул курстар 16 окуу борборунда сунушталып, алардын ичинде 5 окуу борбору Афганистанда жайгашкан.

ПҮББМ курстары программалоо жана санариптик коопсуздук, санарип жана медиасабаттуулук көндүмдөрү, англис тили, туризм жана маалымат технологиялары, ишкердүүлүк, автомобиль оңдоо жана электр жумуштары, таш кыноо, сантехника, жыгач устачылык ж.б.у.с. ПҮББМ – бул компьютердик укуктар (ICDL) Кыргызстан, Казакстан, Тажикстандагы англис тили боюнча Кембридж Англис тилин Баалоо экзамендеринин эл аралык көптөгөн квалификацияларын ишке ашыра турган жападан жалгыз расмий борбор.

**ПҮББМ**

2006-жылдан баштап **247,000** адам окутулган

**52%** айымдар

**92%** угуучулардын канааттанышы

**96%** угуучулар башкаларга сунуштаашат

**2,300** 2020-2025жж кошумча иш орундары түзүлгөн

## Борбордук Азиядагы профессордук-окутуучулар курамынын билимин өркүндөтүү программасы

Аталган программанын алкагында БАУ жергиликтүү таланттар деп эсептелген Борбордук Азиядагы 73 изилдөөчүгө (35и айымдар) өнөктөш университеттердин, алардын ичинде Кембридж, Саймон Фрейзер, Оксфорд, Альберто университеттеринде магистратура, докторантура жана постдокторантурада билим алуу үчүн стипендияларды берди.

«Борбордук Азия Университети интеллектуалдык мейкиндиктерди түзүү жана ресурстар менен камсыз кылуу аркылуу Борбордук Азиядагы өлкөлөрдүн жана алардын аймактарындагы бөлүп турган тоолорду элдердин башын бириктире турган жана алардын келечектеги жыргалчылыгы үчүн экономикасын жакшыртууга багытталган жалпы күч-аракеттер аркылуу орток өткөөлдөргө айландыруу максатын көздөйт».

*Улуу даражалуу Ага Хандын БАУну түзүү боюнча Эл аралык Келишимге кол коюу аземиндеги сөзүнөн*
*31-август, 2000 ж., Астана, Казакстан*

**Борбордук администрдивдик кеңсеси**
Кыргызстан, Бишкек ш., 720001, Токтогул к., 125/1

**БАУнун Нарын кампусу**
Кыргызстан, Нарын ш., 722918, Ленина к., 310

**БАУнун Хорог кампусу**
Тажикстан, ТБАО, Хорог ш., 736000, Киматшо Иматшоева к., 50/1

**ПҮББМ окуу борбору, Текели ш.**
Казакстан, Текели ш., 041700, Гагарин к., 13

info@ucentralasia.org

www.ucentralasia.org

@ucentralasia

Басылманын жарык көргөн датасы: Апрель, 2024-ж.